КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз VI сессиясы**

**Токтом №01-5/ 37**

Сүлүктү шаары 14.07. 2025-жыл

**Жергиликтүү бюджетке плandан сырт түшөн акча каражатынын эсебинен Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 2215 беренесине долбоордук-сметалык документтерди даярдоо үчүн акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 10.07.2025-ж. №01-7/2045 санындагы жергиликтүү бюджетке пландан сырт түшөн акча каражатынын эсебинен Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 2215 беренесине долбоордук-сметалык документтерди даярдоо үчүн акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кенештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп маселени талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынчабашкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27, 34 беренелерине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү бюджетке пландан сырт түшөн акча каражатынын эсебинен Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 2215 беренесине томондогу долбоорлордун долбоордук-сметалык документтерин даярдоо үчүн акча каражатын бөлүүгө макулдук берилсин:

- Лейлек районуна караштуу Кара-Булак айылынан айланып өтүүчү суу түтүгүн куруу долбоорунун долбоордук-сметалык документтерин (ДСД) жана башка тийиштүү иш кагаздарын даярдоого - 1000 000 (бир миллион) сом.
- Сүлүктү шаарына канализация системасын куруу долбоорунун долбоордук-сметалык документтерин (ДСД) жана башка тийиштүү иш кагаздарын даярдоого - 1 000 000 (бир миллион) сом
- Лейлек районунун Чимген айылынан баштап Сүлүктү шаарына чейин суу түтүгүнүн куруу долбоорунун долбоордук-сметалык документтерин (ДСД) жана башка тийиштүү иш кагаздарын даярдооого - 1 000 000 (бир миллион) сом.

2. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров